КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
КӨТӨРМӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОТОРМИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Көтөрмө айылдык кеңешинин VII чакырылыш кезектеги XXIX сессиясынын**

**№29/1 Токтому**

**Кызыл-Булак айылы.** **04.10. 2023-жыл.**

**Элдик Курултайга делегаттарды
шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү
жыйынды өткөрүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып жана талкуулап Көтөрмө айылдык Кенешинин сессиясы

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 «Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө» Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2023-жылдын 7-сентябрындагы №01-18/3074 сандуу катына жана 2023-жылдын 25-сентябрында Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы -аким К.А.Шакировдун жетекчилигинде өткөрүлгөн жыйындын протоколдук тапшырмасына ылайык

**Токтом кылат:**

1. Өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучулары Көтөрмө айыл аймагы боюнча жалпы саны 100 адам деп белгиленсин.
2. Өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларды тандоо боюнча Көтөрмө айыл аймагы 2-тиркемеге ылайык ченемдерге бөлүнсүн.
4. Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин календардык планында аныкталган мөөнөткө ылайык коомдоштуктардын өкүчүлүктүү жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүнүн гафиги жана алардан көрсөтүлүүчү катышуучулардын өкүлчүлүктүү нормалары 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларды шайлоо боюнча коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүгө жооптуу Көтөрмө айылдык Кеңешинин депутаттарынын тизмеси 4-тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Көтөрмө айыл өкмөтү өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларды шайлоо боюнча коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындары жана чогулуштары өтө турган күн,

убакыт жана жай жөнүндө массалык маалымат каражаттары, соцтармактар жана башка булактар аркылуу жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн кабардар кылсын.

7. Жыйындар жана чогулуштар өтүүчү жайды аныктап, тиешелүү техникалык жабдыктар менен камсыздоо Көтөрмө айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

8. Өкүлчүлүктүү жыйын 2023-жылдын18-ноябрында саат 10-00 дө Молдо Нияз атындагы мектеп-гимназиясынын жыйындар залында өткөрүлсүн.
9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А. Бактыбаев**